*Кумашова А.А., Көчөралиева Б.А.*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН МАСЕЛЕ ЧЫГАРУУГА ҮЙРӨТҮҮ

*Кумашова А.А., Көчөралиева Б.А.*

# ОБУЧЕНИЕ РЕШЕНИЮ ЗАДАЧ УЧЕНИКОВ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

*A.A. Kumashova, B.A. Kochoralieva*

# TRAINING TO THE DECISION OF CHALLENGES OF STUDENTS OF INITIAL CLASSES

*УДК: 373.2.*

*Баланы текстүү маселелерди чыгарууну билүү эмес, өз алдынча иштөө жана маселенин бардык түрлөрүн чыгарууга үйрөтүү болуп саналат. Ошондуктан бул макалада башталгыч класстын окуучусун сюжеттүү маселени чыгаруунун ыкмасы каралды.*

***Негизги сөздөр:*** *маселе, математикалык маселе, шарты, суроосу, чыгарылышы, жообу.*

*Для ребенка не только знание решение текстовых задач, но и важно научить его работать самостоятельно и решить всех видов задач. Поэтому в данной статье рассматриваются методы решение текстовых задач учениками начальных классов.*

***Ключевые слова:*** *задача, математическая задача, условие, вопрос, решение, ответ.*

*For a child not only knowledge decision of text tasks but also it is important to teach him to work independently and to decide all types of tasks. Therefore in this article methods are examined decision of text tasks the students of initial classes*

***Key words:*** *problem, mathematical problem, condition, question, solution, answer.*

Азыркы тажрыйбадагы башталгыч билим берүү системасында маселеге чоң маани берилет. Ал тургай жаңы түшүнүктөр, арифметикалык амалдар маселе аркылуу киргизилет.

Турмушта «маселе» түшүнүгү бир нече мааниде колдонулуп, проблеманы чечүүгө багытталган практикалык талапты өз ичине камтыган обьектини белгилейт.

Адамдын ою менен реалдуу турмушу дайыма эле дал келиши кыйын. Адамдын каалоосу менен реалдуу турмуштун туура келбей калышы проблема деп аталат. Проблема дайыма чечүүнү талап кылат. Проблеманы чечүү үчүн алдыга конкреттүү, белгилүү убакыт ичинде аткарыла турган, айкын бир аймакта орундалчу максат коюу керек. Демек, максат дегенибиз коюлган проблеманын чечилиш жолу болот. Максатка жетүү үчүн каражат керек. Керектүү каражат жок болсо же жетишпесе, анда максатка жетиш үчүн аларды издөө маселе болот.

Төмөнкү оң жана сол жактагы тексттерди салыштырып, кайсынысы маселе экенин айтсак:

| | |
|---|---|
| *Асанда 7 жалбырак, ал эми Айгулдө 3 жалбыракка көп.* | *Асан 7 жалбырак тапты, ал эми Айгул 5. Экөөбү биригип канча жалбырак табышты?* |

Бул жерде оң жактагы текст – маселе болот, анткени суроо коюлган. Ал эми сол жактагы маселе эмес, анткени анда суроосу жок. Ал эми маселенин болсо суроосу болот. Ал эми төмөнкү тексти салыштырсак.

*Класста бардыгы канча окуучу бар? Асанга караганда Айгулдун канча жалбырагы көп?* Бул дагы маселе эмес, анткени жалан суроодон туруп жатат. Ал эми маселенин болсо шарты болот. **Демек, маселенин шарты жана суроосу болот.**

Математикалык маселелерди чыгарууда окуучулар көптөгөн билимдерди окуп үйрөнүшөт. Математикалык маселени чыгаруу – белгилүү жана белгисиз чоңдуктардын арасындагы байланышты ачуу, алардын үстүнөн жүргүзүлүүчү амалдарды аныктоо жана аткаруу аркылуу коюлган суроого жооп берүү.

Окуучунун өз алдынча иштөөсүн калыптандырууда маселени талдап чыгаруу жакшы натыйжа берет. Чыгармачылык тапшырмага өтүүдөн, сүрөт боюнча маселе түзүүдөн, математикалык чыгаруудан, схема боюнча чыгарууга өтүүдөн мурда, туура суроо берүү менен көнүгүүлөрдү аткартуу керек. Бала маселени туура талдап, анализдей билиши керек. Мисалы, 2-класстын китебинин 116 бетиндеги №680 маселени талдап, анализдеп чыгарсак.

*Курулушка адегенде 9 кап, анан дагы 6 кап цемент алып келишти. 5 кап цемент пайдаланылды. Канча кап цемент калды?*

Маселени алгач окуучулар менен оозеки талдаш керек.

- Маселеде эмне жөнүндө сөз болуп жатат?
- Курулушка алынып келинген цемент жөнүндө.
- Адегенде канча кап цемент алынып келинди? 9 кап
- Анан дагы канча кап цемент алынып келинди? 6 кап
- Канча кап цемент пайдаланылды? 5 кап
- Маселенин суроосу кайсы? Калган цементтин саны канча?
- Калган цементтин санын табыш үчүн биринчи эмне кылабыз?
- 9+6 кошобуз, 15 болот. 9+6 кошуп маселенин суроосуна жооп бердикпи? Жок.
- Дагы эмне кылабыз? Бардык алынып келинген цементтин санынан пайдаланылган цементтин санын кемитебиз, демек 15-5=10 болот.

- 10 деген сан эмнени түшүндүрөт? Калган цементтин санын.
- Эми маселенин суроосуна жооп бердикпи? Ооба.

Маселени окуучулар менен оозеки талдап, анализдегенден кийин гана маселенин шартын кыскача жаздырабыз.

**Маселенин шарты:**

Адегенде – 9 кап

Андан кийин – 6 кап

Пайдаланылды – 5 кап

**Маселенин суроосу:**

Калды – ?

**Маселенин чыгарылышы:** 9+6=1515-5=10

**Маселенин жообу:**

Жообу: 10 кап

Демек, маселе шартынан, суроосунан, чыгарылышынан, жообунан болот.

**Маселе → шарты → суроосу → чыгарылышы → текшерүү → жообу**

Окуучунун өз алдынча иштөөсүн калыптандырууда да маселени талдап чыгаруу жакшы натыйжа берип турат. Мисалы, төмөнкүдөй маселени талдап көрөлү: ***Бочкадагы балдан ар бирине 2 кг.дан кылып, 5 банкага бал куюп алышты. Ошондон кийин бочкада 3 кг.бал калды. Адегенде бочкада канча килограмм бал болгон?***

Бул маселени да жогоркудай багытта талдап, анализдейбиз.

- Маселеде эмне жөнүндө сөз болуп жатат?
- Бал жөнүндө
- Канча банкага бал куюшту
- 5 банкага
- Ар бирине канча килограммдан?
- 2 кг дан
- Калды канча килограмм?
- 3 кг
- Маселенин суроосу кайсы?
- Бочкада канча килограмм бал болгон?

Кандай сөздөр катышканын тактагандан кийин кыскача маселенин шартын жазабыз.

Болгон – ?

Куюлган – 2кг. дан 5 банкага

Калган – 3 кг.

Маселенин кыскача шартын жазгандан кийин маселени чыгаруунун планын түзөбүз: Кайсы балдын массасын биринчи табабыз?

- Куюлган балдын массасын
- Кантип?
- 2x5 (көбөйтүп), 10 болот
- Кайсы балдын массасын экинчи табабыз?
- Болгон балдын массасын табабыз
- Кантип?
- Кошобуз 10+3
- Эмнеүчүн?
- Бардыгын табуу үчүн, куюлган балдын массасына калган балдын массасын кошобуз. 2x5+13 (кг)
- Жообу: 13 кг бал болгон.

Маселенин шартын түзө алган бала гана маселени чыгара алат жана түшүнөт. Ошондуктан мүмкүн болушунча маселенин шартын чийүү, сүрөтүн тартуу жана шартын кыскача жазууну билдире кетүү чоң жетишкендик.

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстардын математика сабагында математикалык маселелерди чыгаруунун мааниси чоң. Математикалык маселелерди чыгаруу менен окуучулар жаңы математикалык билимдерге ээ болушат, практикалык иш аракеттерге даярдык алышат. Математикалык маселелер окуучулардын логикалык ойлоосун өстүрүүнүн эн негизги каражаты болуп саналат. Математикалык маселелер окутуу менен турмуштун байланышын бекемдөөнүн бирден бир каражаты катары кызмат кылат.

**Адабияттар:**


1. И.Б.Бекбоев, Н.И.Ибраева “Математика” 2-класс. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Б.2011.
2. С.А.Зайцева, И.Б.Румянцева, И.И.Целиүева “Методика обучения математике в начальной школе” М.2008.


**Рецензент: к.п.н. Конгайтиева З.**